УДК 379.574

Култаева А.К., Артыкбаева С.Ж.
*М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университети*

# ӨЗГӨЧӨ КОРУККА АЛЫНГАН ЖАРАТЫЛЫШ ТЕРРИТОРИЯЛАРЫНЫН ТУРИСТТИК-РЕКРЕАЦИЯЛЫК МААНИСИ
## (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)

*Бул макалада Кыргызстандын түштүк аймагынын өзгөчө корукка алынган жаратылыш аймактарын туризм жана эс алуу максатында колдонуу мүмкүнчүлүктөрү каралган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *туризм, рекреация, туристтик потенциал, өзгөчө коргоого алынган жаратылыш территориялары.*

*В данной статье рассматривается потенциал использования особо охраняемых природных территорий южного региона Кыргызстана в целях туризма и отдыха.*

***Ключевые слова:*** *туризм, рекреация, туристский потенциал, особо охраняемые природные территории.*

*In this article deals recreation potential of basic protection of natural territory in south region of Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *tourism, recreation, recreational potential, basic protection of nature territory.*

Өзгөчө корукка алынган жаратылыш территорияларынын (ӨКЖТ) түйүнү – территориялык жана функционалдык жактан айкалышып, бири-бирин толуктап туруучу корукка алынган территориялар. Мындай территориялар аймактын табигый физикалык-географиялык структурасын эске алуу менен чарбалык иш-аракеттердин ар түрдүү формалары менен аракеттенишүүсүн уюштурат. Мында эң негизги максат - биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, айлана-чөйрөнү коргоо жана анын абалын жакшыртуунун негизинде коомдун социалдык-экономикалык туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу.

Акыркы 10 жылдын ичинде дүйнө жүзүндө ӨКЖТнын саны эки эсеге өскөндүгү, айрыкча, алардын аянттары да кеңейгендиги белгилүү. Муну менен катар эле коомдун экология маселелерине болгон кызыгуусу артууда. Бул боюнча улуттук парктарга, коруктарга жана экотуристтик маршруттарга болгон саякаттын санынын жогорулаганын көрсөткөн статистикалык маалыматтар далил боло алат.

Ар түрдүү рангдагы өзгөчө корукка алынган жаратылыш территориялары, туризм жана экологиянын мындай айкалышы айлана-чөйрөнүн абалын жакшыртуу жана аны коргоо маселелерин актуалдаштырууга көмөк көрсөтөт деп ойлойбуз.

Өзгөчө корукка алынган жаратылыш территориялары шаар калкы үчүн антропогендик басымга аз учураган же таптакыр учурабаган жаратылыш зоналарында эс алууга мүмкүнчүлүк берет. Мындан сырткары, экологиялык, рекреациялык, тарбия берүүчүлүк жана башка функцияларды да аткарат.

Кээ бир окумуштуулар өзгөчө корукка алынган жаратылыш территорияларынын түйүнүн өнүктүрүү бул көпчүлүк учурда басымдуулук кылган колдонуучулук мамиледен жаратылышты пайдалануунун жаратылышты коргоочу тибине өтүү көрсөткүчү экендигин айтышууда [1]. Рекреациялык максатта өзгөчө корукка алынган жаратылыш территорияларын колдонуу маселелерин чечүү акыркы мезгилде актуалдуу болуп бара жатат. Себеби экологиялык туризмдин мааниси, популярдуулугу уламдан-улам жогорулоодо.

Экологиялык туризм – туристтик ишмердүүлүктүн салыштырмалуу жаңы түрү (көрүнүшү). Экотуризмдин концепциясынын калыптануусунун башталышы батыш германиялык жана швейцариялык илимпоздордун иши менен байланыштуу 80-жылдар деп эсептелинет [2]. Экологиялык туризмге кайрылуудагы негизги себеп “туризм - экология”

системасындагы байланыштар жөнгө салынбагандыктан, “жумшак туризм” же болбосо “жашыл туризм” деген түшүнүктөр келип чыккан. Чындыгында, экологиялык туризм – бул илимий-таанып билүү максатында саякатка чыккан адамдардын тобун бириктирген жаратылыш туризминин бир түрү деп аныктама берүүгө негиз бардай. Себеби мындай туристтердин негизги кызыкчылыгы жаратылыш чөйрөсү, ага байкоо жүргүзүү жана аны коргоо болуп эсептелет.

Экотуризм кадимки туризмден айырмачылыгы – бул эң жакшы сакталган жаратылыш территорияларына, дүйнө жүзү боюнча көрсөтүлгөн улуттук жана жаратылыш парктарына, резерватгарга жана башка коргоого алынган жаратылыш территорияларынын типтерине болгон саякаттар экендиги тууралуу кээ бир адистер айтат [3].

Изилдөөнүн бул бөлүмүндө республиканын түштүк аймагындагы өзгөчө корукка алынган жаратылыш территорияларынын базасында экологиялык туризмди өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү каралган. Аймактын маанилүү бөлүгү айыл чарбага өздөштүрүлгөндүгүнө байланыштуу, мындай территорияларда жаратылыш компоненттери салыштырмалуу сакталып калган жана антропогендик басымга азыраак учураган. Муну менен өзгөчө корукка алынган жаратылыш аймактарынан сырткаркы территорияларда экологиялык туризмди өнүктүрүү мүмкүн эмес деп айтууга болбойт. Бирок бул маселе өз алдынча жана деталдуу изилдөөлөрдү талап кылаарын белгилөөгө болот.

Кыргыз Республикасынын учурдагы ӨКЖТ системасынын калыптануусунун башталышы, негизинен, 1930-жылдарга таандык. 1931-жылы республиканын өкмөтү тарабынан Кыргыз-Тоо кыркаларында Кызыл-Белек, Оробашы жана Белек-Булак алгачкы утурумдук корукчалары уюштурулган.

1945-жылы биринчи жолу Кыргызстандын түштүк аймагындагы жаңгак мөмө-жемиш токойлорунда токой мөмө-жемиш заказниги түзүлгөн. Ал эми эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстандын Өзгөчө корукка алынган аймактарынын аянттары дээрлик 2,5 эсеге өстү.

Бул өзгөчө корукка алынган жаратылыш территориялары аймактын маанилүү бөлүгүн ээлеп, республикалык, аймактык жана жергиликтүү мааниге ээ. Учурда аймактагы ӨКЖТ системасын 6 корук жана 4 улуттук жаратылыш паркы түзүп, анын жалпы ээлеген аянты 362141,1 *га* ны түзөт (1-, 2-табл.). Мындай коргоого алынган объектилер аймактын территориясы боюнча текши жайгашкан эмес. Өзгөчө коргоого алынган жаратылыш территорияларынын саны боюнча Жалал-Абад областынын Аксы району алдыңкы орунда (2 объект) турат. Бирок ӨКЖТнын системасынын аянты боюнча ушул эле областтын Чаткал району (107 801,5 *га*) лидерлик кылат.

2009-жылы уникалдуу жаратылыш комплекстерин жана биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо, сейрек кездешүүчү жана жоголуу коркунучунда турган жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн түрлөрүн сактап калуу ӨКЖТнын түйүнүн кеңейтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн демилгеси менен Баткен областынын Кадам-Жай районунда жалпы аянты 66194 *га* барабар Сурма-Таш мамлекеттик коругу түзүлгөн (ППКР 27.06.09-ж., № 414).

Азыркы учурда Ош областынын Алай районунда Алай жаратылыш паркын (368,6 миң *га*), Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районунда Дашман мамлекеттик коругун (8,8 миң *га*) уюштуруу жана Падыша-Ата мамлекеттик коругунун аянтын кеңейтүү (15,8 миң *га*) боюнча иш жүргүзүлүүдө.

Таблица 1.

***Аймактагы коруктардын жайгашышы жана негизги мүнөздөмөлөрү****

| Коруктун аталышы | Жайгашкан району | Жалпы аянты, миң *га* | Коргоого алынган түрлөрдүн саны | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | жырткычтар | канаттуулар | өсүмдүктөр |
| **Сурма-Таш** | Баткен | 66 194,0 | 66 | 1 693 | 11 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | областы | | | | |
| **Сары-Челек** | Жалал-Абад, Аксы району | 23 836,0 | 912 | 576 | 34 |
| **Беш-Арал** | Жалал-Абад, Чаткал району | 107 801, 5 | 1 500 | 14 774 | 46 |
| **Падыша-Ата** | Жалал-Абад, Аксы району | 30 556,4 | 891 | 1 843 | 30 |
| **Дашман** | Жалал-Абад, Базар-Коргон району | 8800 | - | - | - |
| **Кулун-Ата** | Ош, Кара-Кулжа району | 27 434,2 | 114 | 2 172 | 8 |

*КРнын Улуттук статкомитетинин маалыматынан алынды

“Сары-Челек”, “Кулун-Ата” ж.б. коруктарында жаратылышты изилдөө жана ага байкоо жүргүзүү менен байланышкан илимий туризм активдүү өнүгүүдө. Аталган коруктарда ОшМУ, ОшТУ жана ОМПИнин студенттери талаа практикаларын өткөрүшөт. Мындан сырткары, республиканын башка областтарынан келген мектеп окуучулары, окутуучулар жана студенттер мындай корук аянттарында экологиялык турларды өтүүдө.

Коруктар өзүнүн аткаруу милдети боюнча илим-изилдөөчү мекеме болгонуна карабастан, уникалдуу жаратылыш шарты менен экологиялык туризм маршруттарын уюштуруучулар үчүн эң кызыктуу өзүнө тартуучу объект болуп саналат. Бирок аны иштетүү мүнөзү боюнча маселе дайыма талаш-тартышты жаратып келет. Себеби туризм чарбалык тармак болуп саналгандыктан, ӨКЖТны туристтик-рекреациялык иш-аракеттерге тартуу коруктардын статусун бузуп, анын негизги милдетине каршы келиши мүмкүн.

Биздин оюбуз боюнча, коруктарда туризмди массалык түрдө өнүктүрүү мүмкүн эмес (техникалык жактан да ишке ашпайт). Бирок көпчүлүк коруктарда чектелген, таанып-билүү, кылдат регламенттелген туризмди ишке ашыруу жергиликтүү калктын жана аймактык бийлик органдарынын көз алдында корукчулук иш-аракеттердин рейтингин жогорулатып, коруктардын социалдык маанисин арттырат.

Көпчүлүк өлкөлөрдүн айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгы тарабынан корукка алынган территорияларда экологиялык туризмди жана экскурсияларды уюштуруу боюнча атайын шарттар иштелип чыккан. Мисалы, мындай жаратылыш зоналарында атайын бөлүнгөн жалгыз аяк жолдор менен жаратылыш системаларына жана табигый ландшафтка аралыктан көз жүгүртүүгө болот. Мындан сырткары, мындай экологиялык жүрүштө жаратылыштын негизги объектилери тууралуу баяндаган жазуулар, эс алуу жана өздүк гигиена жайлары так көрсөтүлүшү зарыл.

Республиканын түштүк аймагынын ӨКЖТнын биологиялык түрдүүлүгү жана жаратылышынын уникалдуулугу бул аймакта экологиялык туризм боюнча атайын кызматтарды жана эколог-экскурсовод, крайтаануучулар, адис-уюштуруучулардын штаты коштогон экскурсияларды ишке ашыруу максатка ылайык деп ойлойбуз. Аймактын территорияларында ар түрдүү окуялуу туризмди жана жаратылыштын тарыхый турларын уюштурууга шарттар бар.

*Жаратылыш парктары.* Кыргыз Республикасынын аймагында 9 улуттук жаратылыш паркы бар. Анын ичинен 4 улуттук жаратылыш паркы: Саркент (Баткен), Саймалуу-Таш (Жалал-Абад), Кара-Шоро жана Кыргыз-Ата (Ош) изилденип жаткан аймакта жайгашкан.

Улуттук жаратылыш паркы – жаратылыш чөйрөсүн экологиялык, агартуучулук, илимий жана маданий мааниси бар предметтерин жана кубулуштарын коргоо максатында адамдын чарбалык ишмердүүлүгү чектелген жана мыйзам тарабынан корголгон территориялар. Мында туризм таанып-билүү жана илимий максаттарда уюштурулат. Анын негизги маселеси –

жаратылышты коргоо. Бирок коруктардан айырмаланып, жаратылыш парктарында эс алуунун активдүү түрлөрүнө (балык уулоо, козу карын, жер жемиш жыйноо ж.б.) уруксат берилген. Демек, жаратылышты коргоо иш-аракеттери менен биргеликте парктын базасында экологиялык туризмди жана агротуризмди өнүктүрүүгө шарт бар. Мындан сырткары, республиканын түштүк областтарынын жаратылыштык шарты экстремалдуу жана окуялуу туризмдин өнүгүүсүн жолго коюуга маанилүү.

Кээ бир окумуштуулардын ою боюнча, территориянын рекреациялык жагымдуулугун баалоодо, эң алгач, ал жердин стационардык рекреациясын өнүктүрүүчү эс алуу мекемелери менен камсыз болуусун кароо керек [4].

Таблица 2.

***Аймактагы улуттук жаратылыш парктарынын жайгашышы жана негизги мүнөздөмөлөрү****

| **Улуттук жаратылыш парктары** | **Жайгашкан району** | **Жалпы аянты, миң *га*** | **Коргоого алынган түрлөрдүн саны** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | **жырткычтар** | **канаттуу-лар** | **ёсүмдүк-төр** |
| **Саркент** | Баткен областы, Лейлек району | 40 000,0 | - | 199 | - |
| **Саймалуу-Таш** | Жалал-Абад областы, Тогуз-Торо району | 32 007,0 | 126 | 204 | 11 |
| **Кара-Шоро** | Ош областы, Өзгөн району | 14 340,0 | 25 | 264 | 11 |
| **Кыргыз-Ата** | Ош областы, Ноокат району | 11 172,0 | 25 | 318 | 12 |

*КРнын Улуттук статкомитетинин маалыматынан алынды

Улуттук жаратылыш парктарынын рекреациялык зонасындагы МТФнын (Мамлекеттик токой фонду) чегин тактап алуу менен, төмөндөгүдөй иш-чараларды аткаруу мезгилдин талабы экендигин окумуштуулар эскертишүүдө:

- ландшафттык отургузууларды (ландшафтные посадки) жана кичи архитектуралык формаларды куруу сыяктуу иш-аракеттерди жүргүзүү (МАФ);
- туристтик маршруттарды иштеп чыгуу, гид жана экскурсоводдорду даярдоо, маалыматтык иш-чараларды жүргүзүү (буклет, брошюрларды чыгаруу, ММК аркылуу түшүндүрүү ж.б.);
- парктын эс алуу базасын түзүү жана уюштуруу үчүн ар түрдүү объектилерди (кемпингдерди, тамактануу жайларын, токтоочу жай ж.б.) жайгаштырууну алдын ала кароо менен, түзүлгөн рекреациялык зонаны өнүктүрүүнүн генералдык планын иштеп чыгуу;
- парктын рекреациялык зонасын өнүктүрүү үчүн анын ичиндеги участкаларды жергиликтүү калкка аренда катары берүү керек; түшкөн кирешенин бир бөлүгүн рекреациялык зонаны өнүктүрүүгө жумшоо жана токой-чарбалык иш-аракеттерге жумшалуучу экинчи даражадагы чыгашаларды азайтуу [5].

*Заказниктер.* Заказниктерди колдонуу максаты боюнча функционалдык мааниси бир түрдүү эмес. Анын чегинде негизги функционалдык – корук, корукча жана рекреациялык сыяктуу зоналарды бөлүүгө болот. Мындай зоналарды бөлүүдө жаратылыш комплекстеринин өзгөчөлүгү (чарбалык жана сарамжалдуулук мааниси), токойдун флорасы жана анын аткарган функциялары (топурак кыртышын коргоочу, санитардык-

гигиеналык жана рекреациялык баалуулугу), өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүнүн түрдүүлүгү ж.б. принциптер эске алынышы зарыл.

Заказниктерди уюштурууда, жаратылыш жана улуттук парктарынан айырмаланып, жер иштетүүчүлөр мурдагыдай эле кала берет. Ар бир коргоого алынган жаратылыш комплексинин чегинде дайыма байкоого алынган (топурагын, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсү баяндалып жазылган) аянттар болушу керек.

Заказниктер төмөндөгүдөй типтерге бөлүнөт: ландшафттык, ландшафттык-тарыхый (Сулайман-Тоосу, Керме-Тоо, Араван тоолорунун аскалары ж.б.), ботаникалык-зоологиялык (Ак-Буура зоологиялык заказниги) жана геологиялык. Бул заказниктер көбү калктуу пункттарга жакын жайгашкан. Азыркы учурда Ош областынын эле чегинде 6 токой чарбасы бар. Ал эми аңчылык заказнигинин жалпы аянты 15,5 миң *га*, анын ичинде Кара-Суу районундагы Ак-Буура мамлекеттик заказниги 10,0 миң *га* ны түзөт.

Ботаникалык заказниктердин катарында эле Ош шаарында жана айланасында 7 геологиялык заказниктер бар (Чил-Устун, Чил-Майрам, Сулайман-Тоосу ж.б.).

Айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылышты сарамжал пайдалануу маселесинин эң негизги аспектиси болуп дарыя өрөөндөрүнүн башында өзгөчө коргоого алынган территорияларды уюштуруу эсептелет. Мындай коргоого алынган аймактар тигил же бул геосистемада жүргөн жаратылыш кубулуштарын изилдөөдөгү негизги объект боло алат. Буга катар эле корукка алынган территорияларда ландшафттардагы эволюциянын табигый жүрүшүн жана динамикасын, өсүмдүк жана жаныбарлардын экологиясын изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Анын базасында шаарлардын территориясында адамдын чарбалык иш-аракетинин натыйжасынын негизинде (ресурстардын нормадан тышкары булгануусу жана запасынын азайышы) болгон жаратылыштагы өзгөрүүлөргө прогноз кылынат. Азыркы кездеги Ак-Буура, Гүлчө, Салам-Алик ж.б. заказниктери мурун мал жайыт катары жана тоют даярдоо үчүн колдонулуп келген.

Демек, ландшафттарды коргоо жана жаратылышты сактоо иш-аракеттеринин интенсивдүүлүгү ошол ландшафттын тибине жараша конкреттелүүсү керек.

*Жаратылыш эстеликтери* өзгөчө корукка алынган жаратылыш аймактарынын маанилүү курамы болуп эсептелет. Территорияда экологиялык каркасты түзгөн элементтердин ичинен өзүнүн аткарган функциясы менен өзгөчөлөнүп турат. Жаратылыш эстеликтеринин ээлеген аянты өтө чоң эмес. Ошондуктан территориянын экологиялык абалын жакшыртууда алардын мааниси өтө деле жогору эмес, бирок жаратылыш эстеликтеринин уникалдуулугу ошол жердин эстетикалык жана тарбиялык функциясын жогорулатат.

Жаратылыштын ботаникалык эстеликтери статусуна табигый жана жасалма жаралган майда токой тилкелери мүнөздүү. Мындай токой массивдериндеги бадал-дарак өсүмдүктөрүнүн породалык курамы өзгөчө бааланат жана илимий, билим жана тарбия берүүчүлүк мааниси зор болуп, экологиялык туризмдин объектиси боло алышы мүмкүн.

Бирок экологиялык абалды жөнгө салуу жана экологиялык турларды өткөрүү үчүн аймактын рекреациялык баалуулугун жогорулатуу максатында токой массивдеринде эс алууну өткөрүү үчүн замандын талабына ылайык ыңгайлуу тейлөө жайларын уюштуруу сыяктуу бир катар иш-чараларды аткаруу максатка ылайык болот. Рекреациялык территориядагы жолдор жана чыйырларга (жалгыз аяк жолдор) бөлүнгөн аянттын үлүшүн 1%га чейин жогорулатуу керек. Ал эми кыска убакытка эс алуу үчүн чатырча, сөрү, отургучтар, унаа токтотуучу жайлар менен жабдуу, рекреанттар үчүн маалымат системасын орнотуу, кошумча эс алуу мекемелерин куруу, ӨКЖТнын базасында жаңы туристтик жана экскурсиялык маршруттарды уюштуруу сыяктуу иш-аракеттерди аткаруу – замандын талабы.

Жогоруда көрсөтүлгөн иш-чаралар аткарылган кезде гана жаратылыш парктарында жана коруктарда мектеп окуучулары үчүн анча чоң эмес таанып-билүү экскурсиялардан

тарта үзгүлтүксүз экологиялык саякаттарга чейинки чоң туристтик программаларды уюштуруу коопсуз, “жашыл” туризмди камсыз кыла алат.

Адабияттар:

1. Севастьянов Д.И. Национальные парки северо-запада России как основа развития экологического туризма в регионе. //Туризм, экология и устойчивое развитие регионов: материалы международной научно-практической конференции. -Тверь: ТвГУ, 2003. - С.43-57.

2. Дроздов А.В. Экологический императив и рекреационная география. //Известия РАН. Серия географическая. -1998, № 4. - С.91-97.

3. Чижова В.П. Особенности рекреационного воздействия на природу в условиях охраняемых территорий. //Проблемы и перспективы развития туризма в странах с переходной экономикой: материалы 1-й междунар. научн. практ. конференции. - Смоленск, 2000.

4. Королева И.С. Рекреационная ценность природных парков Белгородской области. //Актуальные проблемы развития туризма и гостиничного бизнеса (социально-экономические исследования): сб. науч.-исслед. работ студентов БФ СПб. ГИЭУ. -Белгород, 2007. - С.37-39.

5. Шамшиев Б.Н., Мурзакулов С.С., Токторалиев З.Б. Неотложные комплексные мероприятия в арчовых лесах Кыргыз-Атинского ГНПП. //Известия ОшТУ – 2010, № 1. - Ош, 2010. - С.6-7.